**Самоанализ**

**Абдыжапаров Маатмуса атындагы орто мектеби**
**Мугалим: Орозова Ж.Т.**

Сабакты пландаштырууда окуучулардын томонкудой өзгөчөлүктөрүн эске алдым:

1. Класста «4» менен «5» деген баага окуучу
   Класста «4» менен «3» деген баага окуучу
   Класста «2» менен «3» деген баага окучу
   Балдар негизинен сабакка жакшы катышышат. Алардын таанып-билүү кызыкчылыктары да дурус өнүккөн.

**2. Теманын өзгөчөлүктөрүн баалоо.**

«Байчечекей» темасы 2-класстагы адабий окуу сабагындагыга караганда бул темада бир топ тереңирээк мүнөздөмө берилген. Байчечекей алгачкы жаздын келишинде гүлдөп, аптап башталганда соолуп каларын о.э андан кийин удаа кайсы гүлдөр чыгарын көрсөтөт, о.э философиялык ойлоосун арттыра турган (байчечекейменен удаа жашаган замандаштар кийинки муундар – кызгалдактар) чыгарма . Адамдын турмушуна байланыштуу чагылдырылган. Бул темадад эстетикалык тарбиялоо керектүү бай материал камтылган. Гүл сулуулуктун эч түгөнгүс булагы. Көрө билүү менен, түшүнүү менен Гана чектелбестен, аларды сактоо да көбөйтүү да керек.

**3. Сабактын тиби:**

**Жаңы билимдерди берүү сабагы.**

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк:** Окуучулар жаз керемети гүлдөр жөнүндө түшүнүк айтышып, эркин ойлоо сезимин, кыялдануусун, сүйлөө речин калыптандыруу. өз күчүнө ишенүү сезимин пайда кылуу.

**б) Онүктүрүүчүлүк максаты:** Мурунку алган билимин толуктап, кеңейтип, жаңы түшүнүк пайда кылуу, тартынбай эркин сүйлөөгө, алган билимдерин турмушта пайдаланып, ой жүгүртүүсүн логикалык байлуулугун өстүрүү.

**в) Тарбиялык максаты:** Коллективдүүлүкө, жоопкерчилике, чыгармачылыкка, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.

4. Сабактын негизги милдеттерин чечүүдө сабактын убактысын рационалдуу пайдаландым:

5. Жаңы материалды өздөштүрүүдө окутуунун төмөнкүдөй методдорун пайдаландым:

1Эвристикалык метод:
а) жаңы темага киришүү мезгилинде
б) Текстти суроо-жооп мезгилинде
2Проблемалык-изденүүчүлүк метод менен көңүл стратегиясын пайдаландым. Табышмактарды, теманы өздөрү табышкан учуру

*3. Көрсөтмөлүү-иллюстративдик методду* пайдаландым. Көңүлдү топтоо стартегиясын пайдаландым. Сүрөттөрдү көрсөтүп, телевизордон өздөрү көрүп, жаздын сулуулугун туюшту.

*4. Проблемалык-изилдөөчүлүк менен репродуктивдик методду* пайдалануу менен активдүү топтордо иштетим.

Проблемаларды чечүү үчүн окуучулар өздөрү китептен образдарды таап, ролдоштуруп, ойлорун кошумчалашып, чыгарманы салыштырып иштешти.

6. Окуучулар менен байланыш тыгыз, алдыңкы жетишкен окуучулар жетишпеген окуучуларга жардам берет.

7. ТСО жана окуу кабинетин туура пайдаландым.

8. Окуучулардын билим сапатын текшерип суроо-жооп уюштурдум.

9. Сабак окуучуларды абдан кызыктырды.

10. Педагогикалык такт сакталды.

11. Окуу процессинде окуучудардын сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде эркин ой жүгүртүп, өздөрү чыгармага анализ берүүсү табылгалуу болду.

12. Сабакта окуучуларды толук баалап, үйгө тапшырма бердим. Сабакка кошумча материлды пайдаландым.

**Сабактын темасы:** ***Байчечекей***

**Сабактын максаты: а) Билим берүүчүлүк**: Окуучулар жаз кереметы гүлдөр жөнүндө түшүнүк айтышат;Окуучулардын эркин ойлоо сезимин, кыялдануусун, сүйлөө речин калптандыруу;

**б) Өнүктүрүүчүлүк максаты**: Мурунку алган билимин толуктап, кеңейтип, жаңы түшүнүктү пайда кылуу, тартынбай эркин сүйлөөгө, алган билимдерин турмушта пайдаланып, ой жүгүртүүсүн логикалык байлуулугун өстүрүү;

**в) Тарбиялык максаты:**Коллективдүүлүккө, жоопкерчиликке, чыгармачылыкка, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди берүү сабагы

**Сабактын формасы:** Группалар менен иштөө

**Лексико- фразеологиялык минимум:** аптап, нарцисс, байчечекей, фиалка

**Колдонулуучу стратегия:** Көңүлдү топтоо стратегиясы.

**Сабактын жабдылышы:**Магнитафон ~~таяныч~~ сигналдар, видеоролик, сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү: 1) уюштуруу.**

а) Саламдашуу.

б) Алтын эреже түзүү.

1. Тартип бар жерде тактык бар.
2. Илим издегендики.
3. Билбегенин сураган билимдүүнүн иши.
4. Таттуу дос тарууну бөлө жейт.

Мына ушул эрежени сактап, бүгүнкү сабакка ийгилик каалап, ушул күндөй жылмаюу тартуулайм. (Күндүн сүрөтү)

**2) Эртең мененки чогулуш.**

- Кайсы бөлумдү баштадык?
- Кайсы элдердин чыгармалары менен тааныштык эле?
- Кайсы мезгил жөнүндө сөз болду эле

Демек, дүйнөгө **жаз мезгили** сайма саят экен.

**3) Жаңы темага киришүү:** Теманы өзүбүз табабыз. (проблемалык метод)

**а) Табышмактар:**

1. Ызгаар суук кылса дагы кыямат,
   Бул баатыр гүл карды тешип чыга алат. (Байчечекей)
2. Ушул журнал колго тийгенде,
   Бардык балдар бажырая кубанат. (Байчечекей журналы)

- Туура силердин сүйүктүү журналыңар. Жазгы гүлдөрдүн алгачкы жашоосун байчечекей гүлү баштаса, бул журнал силердин алгачкы чыгармачылык башатыңардын баштоочусу. Бул журналды биз класстан тышкаркы окуу, адабий окуу ж.б. сабактардан пайдаланабыз.

3. Дагы байчечекей жөнүндө эмне билесиңер?
   - "Байчечекей" дүрдүйнө дүкөнү.
   - Ыр. 1 куплет ыр ырдашат.

-Балдар бүгүнкү өтө турган темабызды өзүңөр тапкылачы? Биз эмне жөнүндө сөз кылдык? Окуучулар теманы табышат.

**б) Жаңы теманы жарыялоо.**

Азербайжан жазуучусу Азиза Ахмедованын "Байчечекей" деген чыгармасы.

- Керемет жазда ачылган гүлдөрдү атагылачы?
- Эми бул гүлдөрдү тааныйсыңарбы?

Сүрөт боюнча кабылдоо (Байчечекей, кызгалдак, нарцисс, фиалка)

**в) Сөздүк менен иштөө:**

Аптап-күндүн ысыгы
Нарцисс, фиалка-гүлдөр.

Анда эмесе жаз кереметине саякатка кеттик.

Телевизорлордон байчечекейлердин ж.б. гүлдөрдүн сүрөттөрүн текстке байланыштырып көрсөтүү менен магнитафондон тексти көркөм уктуруу.

Максаты: Башка үндү кандай кабылдайт.

- 1-2 окуучудан укканын суроо.
- Чынжырча окутуу. Ар бир гүлдүн образына маани берип, баарыбыз ээрчип окуйбуз.

**4.Активдүү топторго бөлүп иштетүү,** б.а жаңы билимдерди түшүнгөндөрүн текшерүү. Топту өздөрү тандоо жолу менен алышат.

1-Байчечекей тобу
2-Фиалка тобу
3-Нарцисс
4-Кызгалдак

- Алдыңардагы тапшырмаларды аткаргыла.

**1-тапшырма:**.Тексттеги өздөрүнүн тобуна керектүү болгон образдарга даярдануу.

**2-тапшырма:** Гүл жасоо

**3-тапшырма:** Жасаган гүлүңөр кандай гүл? Мүнөздөмө бергиле, кааласаңар ыр жараткыла.

- Тапшырмалардын жообун угуу. Өздөрүнүн жасаган гүлүн жандантып, сүйлөтүү.
- Силер байчечекей менен кантип учурашасыңар? Ар бир топтун жообун угуу, талдоо.

4. **Сабакты бышыктоо:** Ооба, гүлдөрдүн да адам сыяктуу өздөрүнө тиешелүү жашоосу бар. Байчечекей адамдын көңүлүн көтөргөн ак көңүл гүл. Турмушта да ушундай адамдар көп. Ошондуктан силер да өзүңөр айткандай бири-бириңерди сыйлап, урматтап, бири-бириңерди унутпай жүргүлө.

**Эпиграф:** Эринип окуган сабак жукпайт. Берилип окуган сабак жугат-дегендей Бүгүнкү сабакка эң жакшы катыштыңар.

**Баалоо:** топтогон баллына жараша.

**Үй тапшырмасы:** Китепче жасоо.